**«КЫРГЫЗСТАНДА ТАБИГЫЙ КЫРСЫКТАРДЫН КОРКУНУЧУНА ТУРУКТУУЛУКТУ ЖОГОРУЛАТУУ (ERIK)» ДОЛБООРУНУН «МЕКТЕП ИНФРАСТРУКТУРАСЫНЫН ИШТЕШИН ЖАНА КООПСУЗДУГУН ЖАКШЫРТУУ» 2-КОМПЕНЕНТТИНИН АЛКАГЫНДАГЫ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ «ДОЛБООРЛОРДУ ИШКЕ АШЫРУУ БӨЛҮМҮНҮН»**

**жана**

**____________ ОБЛУСУНУН**

**____________ РАЙОНУНДАГЫ**

**_____________ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН**

**ортосундагы**

# КЫЗМАТТАШУУ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМИ

2.02.2022-ж.

Түзүлүп токтотулду.

Кеңешбектен бирөөсү алдырыш керек.

2022 – ж.

# I БӨЛҮМ
# ЖАЛПЫ ШАРТТАР

Өзгөчө кырдаалдар Министрлигине караштуу долбоорлорун ишке ашыруу Бөлүмүнүн (мындан ары - «Бөлүм») директору ______________________________________________(биринчи тараптан) жана ______________________________ Айыл өкмөтүнүн башчысы ____________________________________________(экинчи тараптан),

Мындан ары - «Тараптар»

«Кыргызстанда табигый кырсыктардын коркунучуна туруктуулукту жогорулатуу (ERIK)» долбоорунун «Мектеп инфраструктурасынын иштешин жана коопсуздуктугун жакшыртуу» 2-компонентинин алкагында:

1. Айыл өкмөтүндө (мындан ары - Айыл өкмөтү) жайгашкан ______________________________мектеби, Долбоордун алкагында приоритеттүү мектептердин тизмесине киргендигин.
2. Айыл өкмөтү Долбоордун максатын колдоорун жана Долбоордун максатына жетүү үчүн бардык күч-аракеттерди жумшоосун.
3. Бөлүм Айыл өкмөттүн атынан Долбоордо белгиленген иш чараларды, анын ичинде сатып алууларды, контракттык башкарууну көзөмөл жүргүзүүсүн, **эске алуу менен,** .

Келишимде кийинки милдеттерин аткарууга макулдуктары берилди:

# II БӨЛҮМ
# АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН УКУГУ ЖАНА МИЛДЕТИ

1-берене.

Айыл өкмөтү:

(а) мектеп имаратынын техникалык абалын изилдөөсүндө, экологиялык жана социалдык коопсуздук чараларын пландоодо, баа берүүдө жана сейсмотуруктуулук,

энергонатыйжалуулук жана минималдуу санитария жана гигиена талаптарын эске алуу менен техникалык-экономикалык негиздөөсүн жана долбоордук-сметалык документациясына иштеп чыгууда;

(б) курулуш-монтаждоо иштерин аткарууда;

(в) экологиялык жана санитардык коопсуздуктарын эске алуу менен курулуп бүткөн объектини колдонууда туруктуулукту камсыздоодо, бул Келишимдин шарты жана тартиби менен, Долбоордун алкагында иш чараларды аткарууда,

**Бөлүмгө көмөктөш көрсөтүү милдетин алат.**

2-берене.

Долбоорду ишке ашыруу мезгилинде, Айыл өкмөтү Бөлүмүнүн кызматкерлерине жана консультанттарына бардык зарыл шарттары менен түзүлгөн иш бөлмө бөлүп берүү милдетин алат.

3-берене.

Айыл өкмөтү Долбоордун консультанттарына мектеп имараттарынын техникалык абалын, экологиялык жана социалдык шарттарына баа берүүдө, жер участогун (зарыл болгон учурда) изилдөөдө, техникалык-экономикалык негиздөөсүн жана долбоор-сметалык документтерди иштеп чыгууда, курулушка зарыл болгон бардык уруксат берүүчү документтерди жана макулдашууларды алуу учурунда, жардам көрсөтүүгө милдетин алат.

Ошол эле учурда Айыл өкмөтү бардык алынган уруксат кагаздарынын жана чечимдеринин укуктук тактыгын жана аныктыгын камсыз кылууга милдеттүү.

Айыл өкмөтү, ошондой эле долбоордук уюмга техникалык-экономикалык негиздемелерди жана долбоордук-сметалык документтерди даярдоо боюнча иштерди аткарууга көмөктөшүү үчүн тиешелүү адистерди дайындайт.

4-берене.

Айыл өкмөтү приоритеттүү мектептердин тизмесине кирген мектептин жер тилкесинин (керек учурда) аянтын кеңейтүү менен жаңы мектептин имаратын куруу үчүн керектүү жер тилкесин камсыздоо милдетин алат.

5-берене.

Подрядчы келишимди аткаруу мезгилинде, Айыл өкмөтү, өзүнө төмөнкүдөй милдеттенмелерди алат:

(а) подрядчыга техникалык Базасын жайгаштырууда, жергиликтүү ресурстардан керектүү чийки заттар жана курулуш материалдарын алууга көмөк көрсөтүү;

(б) долбоордук-изилдөө жана курулуш иштерин аткарууда тоскоол болгон ар кандай пайда болгон маселелерди тез арада чечүү.

(с) подрядчыга курулуш иштерин жүргүзүү учурунда коомчулукка жана курчап турган чөйрөгө терс таасирин тийгизген иш чараларды азайтууга көмөк көргөзүү (мисалы: жолдордогу чаңды азайтуу ж.б.).

6-берене.

Айыл өкмөтү туруктуу негизде Долбоор ишке ашып жаткан жана аяктаган учурларда Бөлүмүнүн өтүнүчү менен базалык изилдөөдө, кандайдыр бир таасирге жана тобокелдикке баа берүүдө, отчеттулукта, ошондой эле долбоордун индикаторлорун көз салууда керектүү статистикалык жана башка керектүү маалымат материалдары менен Бөлүмүн камсыз кылып турат.

Ошондой эле, Айыл өкмөтү Бөлүмүнүн кызматкерлерине жана Долбоордун консультанттарына курулуш жүрүп жаткан аймактарына каалаган убакта барууга жана Долбоорго тиешелүү документацияларын текшерүүгө көмөк көрсөтүү милдетин алат.

7-берене.

Айыл өкмөтү Бөлүмгө долбоордун байланыш стратегиясын ишке ашырууда (баардык кызыктар жактарга жана адамдарга долбоор жөнүндө маалыматты жеткирүү) жардамдашуу милдетин алат жана Долбоордун алкагында тургундар менен чогулуш жана жыйындарын жана башка иш чараларды өткөрүүдө Бөлүмгө бардык колдоосун көрсөтүү милдетин алат.

8-берене.

Айыл өкмөтү туруктуу негизде Айылдык Кеңешине жана жергиликтүү тургундарга долбоордун ишке ашыруусу тууралу отчетторду маалымат берүүсүн, долбоордун байланыш стратегиясында көрсөтүлгөндөй маалымат такчасын, кайрылуу кутучасын жана башка маалыматтык материалдарды коомдук жерлеринде жайгаштыруусун жана массалык маалымат каражаттарына чыгаруусун өз милдетине алат.

Айыл өкмөтү мектеп жетекчилери менен бирдикте Долбоордун алкагында чечимдерди кабыл алуу процессине, мектеп комитеттерин түзүү аркылуу окуучулардын, ата-энелердин, мектеп жамаатынын жана айылдын (айылдардын) тургундарынын, анын ичинде аялдардын катышуусун камсыз кылуу боюнча тийиштүү чараларды көрүү керек.

Ошондой эле, Долбоордун ишке ашыруусу боюнча жарандардын, окуучулардын, ата-энелердин жана мектеп кызматкерлердин өтүнүчүнө жана кайрылууларына Айыл өкмөтү өз убагында жооп берүү керек.

9-берене.

Курулуш иштери жүрүп жаткан учурда Айыл өкмөтү окуучулар жана мугалимдер үчүн окуу процессин токтотпош үчүн, «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарына» жооп берген убактылуу имарат менен камсыз кылат жана социалдык таасирди азайтуу үчүн «Курулуш учурундагы окуучулар жана мугалимдерди убактылуу жайгаштыруу Планын ишке ашыруусун» камсыздайт (окуучуларды ташууга транспорт жана башка каражат менен камсыздайт).

Ошондой эле, Аргасыз көчүрүү планын ишке ашырууда (керек учурда), Айыл Өкмөтү көчүүгө дуушар болгон адамдардын активдерин баалоо үчүн, баалоо комиссиясынын иштерин уюштуруусун камсыз кылууга жана алардын маселелерин чечүүгө милдеттенме алат. Көчүүгө дуушар болгон адамдардын активдерине теңме тең же болбосо ыңгайлуу шарттарды камсыздайт.

10-берене.

Айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде, Долбоордун алкагында курулган жана калыбына келтирилген мектептерди кабыл алуу боюнча керектүү иш аракеттерди аткарууну камсыздайт жана Долбоордун алкагында жазалган/сатып алынган активдерди (негизги каражат) муниципалдык менчикке кабыл алат.

Курулуш иштери аяктагандан кийин Айыл өкмөтү мектеп имараттарын техникалык тейлөөнү, таза суу, электроэнергия жана башка ресурстар менен үзгүлтүксүз камсыздайт.

Айыл өкмөтү мектепти Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарына жооп берген керектүү жаңы жабдуулар менен камсыз кылуу боюнча чара көрөт.

## III БӨЛҮМ

## БӨЛҮМдүн УКУГУ ЖАНА МИЛДЕТИ

11-берене.

Бөлүм Долбоордун алкагында каралган иш чараларды, Подрядчы менен түзүлгөн келишимдин негизинде, подрядчы тарабынан аткарылган иштер боюнча тиешелүү документтерди камсыз кылганда, Келишимге ылайык каржылоону өзүнө алат.

12-берене.

Бөлүм Айыл өкмөтүнөн Долбоордун алкагында калктан келип түшкөн арыздар, кайрылуулар жана сунуштарды өз убагында карап жана жооп берет жана иштөө учурунда көмөк көрсөтүү үчүн жоопкерчиликтүү адисин бекитет.

Ошондой эле, Бөлүм Айыл Өкмөтүнөн долбоорго тиешелүү керектүү маалыматтарды алганга укуктуу.

13-берене.

Бөлүм курулуш жүрүп жаткан аймактарына каалаган убакта баруу жана долбоорго тиешелүү документацияларын текшерүү укугун өзүнө калтырат жана техникалык жана экологиялык көзөмөл жүргүзүү менен бирге курулуш келишимин башкаруусун Бөлүм өз жоопкерчилигине алат.

## IV БӨЛҮМ
## КОРУТУНДУГА ЖОБО

14-берене.

Бөлүм жана ______________________________Айыл өкмөтү ортосундагы Кызматташуу жөнүндө келишим эки тарап кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет жана Тараптардын бири кайсы бир себептер боюнча ушул Келишимден чыкканга чейин мөөнөтсүз жарактуу болот. Ушул Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ, эки нускада түзүлдү жана Тараптардын ар бириндe бирден нуска сакталат.

15-берене.

Бул келишимге өзгөртүүлөр киргизүү же өз мөөнөтүнөн мурда токтотулушу эки Тараптын макулдашуусу менен Келишимге толуктоолор киргизилет же токтотулат.

16-берене.

Бөлүм, эгерде Айыл өкмөтү Келишимде көрсөтүлгөн өзүнүн милдеттерин канааттандырарлык толук аткара албаса, бир тараптуу Келишимдин күчүн токтото алат.

Айыл өкмөтү Бөлүмдүн кат түрүндө берилген эскертүүсүн өз убагында жойбосо, анда Бөлүм кат түрүндө Келишим бир тараптуу мөөнөттөн мурда күчүн жоготконун жана анын себеби боюнча, Айыл өкмөтүн маалымдайт.

Мындай учурда, Келишимдин күчү Айыл өкмөтүн бул тууралуу жеткиликтүү жол (почта, электрондук почта, чабарман аркылуу жеткирүү, ж.б.) менен кабарлагандан баштап жоготот. Келишимдин күчү жоготулгандан тартып, Бөлүм тараптан андан ары жүргүзүлүп жаткан каржылоосун токтотот.

17-берене.

Эгерде Келишимдин күчү жоготуу боюнча себептери жокко чыгарылса, Бөлүм Келишимдин өзүнүн мөөнөтүнөн мурда күчүн жоготуу тууралу чечимин өзгөртө алат. Мындай учурда, Бөлүм кат түрүндө өзүнүн чечими боюнча Айыл өкмөтүн кабарлайт жана мындай чечим Айыл өкмөтү кабар алгандан баштап Келишим өз күчүнө кирет.

18-берене.

Эгерде Долбоорду ишке ашыруу учурунда, Тараптар ортосунда кандайдыр бир пикир келишпестиктер пайда болсо, Тараптар өз ара сүйлошүүлөр жолу менен талаш тартыштарды жөнгө салууга аракет кылышат. Эгерде Тараптар талаш тартышты сүйлөшүү жолу менен жөнгө салынбаса, маселе Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ылаык кароого жатат.

**ТАРАПТАРДЫН КОЛУ:**

**КР ӨКМ караштуу**
**Долбоорлорду ишке ашыруу**
**бөлүмүнүн директору**

______________________________

______________________________
***(колу)***

______________________________**Айыл**
**өкмөтүнүн башчысы**

______________________________

______________________________
***(колу)***